Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын
2023-жылдын II чейреги ичиндеги ишине жүргүзүлгөн көзөмөлдүн (оверсайт)
жыйынтыгы боюнча

**ОТЧЕТ**

## I. Улуттук төлөм системаларынын ишине мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү

### 1. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

*Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасындагы финансылык тобокелдиктер*. ГСРРВ системасынын 2023-жылдын II чейреги ичиндеги ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча жүгүртүү коэффициентинин 23,39 пайызга жогорулагандыгы, ал эми ликвиддүүлүк коэффициенти 18,96 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган. Өзгөрүүлөр динамикасы 1 жана 2-графиктерде көрсөтүлгөн.


1-график. ГСРРВдагы финансылык тобокелдиктер деңгээли


Система боюнча жалпы жүгүртүүлөр 3 053,80 млрд сомду түзгөн, бул өткөн мезгилдеги көрсөткүчтөн 1,34 пайызга төмөн.

Отчеттук мезгилде системада финансылык тобокелдиктердин деңгээли минималдуу бойдон калган.


2-график. ГСРРВдагы ликвиддүүлүк жана төлөмдөр көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы


*Операциялык тобокелдиктер*. Системада жеткиликтүүлүк деңгээли отчеттук мезгилде 100,00 пайызды түзгөн, ошол эле учурда системадагы операциялык тобокелдик деңгээли системанын жалпы иш убактысынан 2,57 пайызын түзгөн жана ал катышуучулар тарабынан системанын иш регламентин узартуу менен шартталган. Өзгөрүүлөр динамикасы 3-графикте көрсөтүлгөн.


3-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы



Үзгүлтүктөр Улуттук банктын тарифтик саясаты жана Улуттук банк Башкармасынын бюджеттик төлөмдөрдү иштеп чыгуу боюнча атайын чечими менен ар бир айдын акыркы 3 күнү ичинде жөнгө салынат.

### 2. Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

*ПКС системасындагы финансылык тобокелдиктер*. Отчеттук мезгил ичинде дебеттик таза позициянын акча каражаттар боюнча белгиленген кам өлчөмүнөн артышына байланыштуу фактылар системада катталган эмес. 4-графикте көрсөтүлгөндөй, катышуучулар ПКСте жыйынтыктап эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн иш жүзүндө талап

кылынгандан да көбүрөөк каражаттарды, орточо алганда 3 эсеге көп каражаттарды камга коюшкан.

**4-график. 2023-жылдын II чейреги ичинде Пакеттик клиринг системасындагы дебеттик таза позициянын суммардык маанисинин жана анын ордун жабууга каралган резервдин катышы (млн сом)**




*Системадагы операциялык тобокелдиктер.* 2023-жылдын II чейрегинде ПКС ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 100,00 пайызды түзгөн. Системадагы операциялык тобокелдиктин деңгээли 3,42 пайыз чегинде катталган, бул катышуучулардын системанын иш регламентин узартуусуна жана техникалык себептерге байланыштуу. Өзгөрүүлөр динамикасы 5-графикте көрсөтүлгөн.

**5-график. Пакеттик клиринг системасында жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




### 3. «Элкарт» карталары менен эсептешүүлөр системасы

*Системадагы операциялык тобокелдиктер.*

Улуттук төлөм системаларынын ишине жүргүзүлгөн мониторингдин жана талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча «Элкарт» банктык төлөм карттары менен эсептешүү системасында 2023-жылдын II чейрегинде системанын жеткиликтүүлүк деңгээли 100,00 пайызды түзгөн. Өзгөрүүлөр динамикасы 6-графикте көрсөтүлгөн.

**6-график. Бирдиктүү банктар аралык процессинг борборуна операциялык тобокелдиктин жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн катышы**




## II. Төлөм инфраструктурасынын ишин контролдоо


### 4. Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу

Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып барган төлөм системаларынын операторлорунун отчетторуна жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2023-жылдын II чейреги ичинде төлөм системаларынын ишине байланыштуу 119 штаттан тышкаркы жагдай катталган. Негизги себептери 7-графикте чагылдырылган.

Мында, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн жана катышын бөлүп көрсөтүүгө болот (8-график):

- электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 20,17 пайызын түзгөн;
- аппараттык-программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 10,92 пайызын түзгөн;
- байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 13,45 пайызын түзгөн;
- кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 55,46 пайызын түзгөн.

**7-график. 2023-жылдын II чейрегинде төлөм системаларынын операторлорунда жана төлөм уюмдарында орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги себептери (саны)**




**8-график. 2023-жылдын II чейрегинде төлөм системаларынын операторлорунда жана төлөм уюмдарында орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги катышы**




Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык жоготууларды шарттаган эмес жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун башка катышуучуларына таасирин тийгизген жок.

**5. SWIFT сервис бюросунун иши**

2023-жылдын II чейреги ичинде SWIFT сервис бюросунун жеткиликтүүлүк коэффициенти 100,00 пайызды түзгөн. SWIFT системасында операциялык тобокелдиктер деңгээли минималдуу бойдон калган.

Ошондой эле 2023-жылдын II чейрегинде профилактикалык иштер жүргүзүлгөн. SWIFT сервис бюросунун катышуучуларына алдын алуу иштери жөнүндө өз убагында маалымдалган.

**III. Төлөм системасында операциялык тобокелдиктерди талдап-иликтөө**

**6. Санкциясыз ишке ашырылган операцияларды талдап-иликтөө**

Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчеттордун алкагында төлөм карттары менен эсептешүү системаларында санкциясыз ишке ашырылган операциялар боюнча коммерциялык банктардан алынган маалыматтарга талдап-иликтөө жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча, 2023-жылдын II чейрегинде VISA Int. эл аралык системасынын карттарын пайдалануу менен 243, «Элкарт» картын колдонуу менен 58 санкциясыз операцияларга арыз катталган. Мындай операцияларды баалоо суммасы 4,10 млн. сомду түзгөн, бул карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн 0,001 пайызын түзөт.


**1-таблица. Банктык карттарды пайдалануу менен санкциясыз ишке ашырылган операциялар боюнча маалыматтар**

| *Санкциясыз ишке ашырылган операциялардын түрлөрү* | *2022-жылдын II чейреги* | | *2022-жылдын IV чейреги* | | *2023-жылдын II чейреги* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* | *Саны* | *Көлөмү (сом)* |
| **Интернет-транзакциялар** | **117,00** | **5 015 374,85** | **224,00** | **1 949 189,77** | **301,00** | **4 096 051,19** |
| *Visa* | 72,00 | 4 107 029,99 | 132,00 | 808 572,89 | 243,00 | 3 303 525,79 |
| *Элкарт* | 44,00 | 873 953,86 | 92,00 | 1 140 616,88 | 58,00 | 792 525,40 |
| *MasterCard* | 1,00 | 34 391,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| **POS-терминал аркылуу транзакциялар** | **46,00** | **51 018,29** | **5,00** | **1 981,44** | **0,00** | **0,00** |
| *Visa* | 46,00 | 51 018,29 | 5,00 | 1 981,44 | 0,00 | 0,00 |
| **Накталай түрдө алуу** | **9,00** | **92 400,00** | **2,00** | **9 900,00** | **0,00** | **0,00** |
| *Visa* | 1,00 | 7 000,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 | 0,00 |
| *Элкарт* | 8,00 | 85 400,00 | 2,00 | 9 900,00 | 0,00 | 0,00 |
| **Бардыгы** | **172,00** | **5 158 793,14** | **231,00** | **1 961 071,21** | **301,00** | **4 096 051,19** |

Карт ээлерине акча каражаттарын кайтаруу үчүн төлөм системасынын эрежелерине ылайык териштирүү иштери жүргүзүлүп жатат.

## 7. Катышуучулардын төлөм системаларынын иш үзгүлтүксүздүгүнө талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү

**9-график. 2023-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктарда орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги себептери (саны)**




**10-график. 2023-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктарда орун алган штаттан тышкаркы жагдайлардын келип чыгуусунун негизги катышы**




Банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчетторунун маалыматтарына жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыгында, 2023-жылдын II чейреги ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын төлөм системаларынын ишине байланыштуу 959 штаттан тышкаркы жагдай катталган. Негизги себептери 9-графикте чагылдырылган.

Мында, үзгүлтүктөрдүн төмөнкүдөй негизги түрлөрүн жана катышын бөлүп көрсөтүүгө болот (10-график):

- электр энергиясы менен камсыз кылуу жагында үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 34,20 пайызын түзгөн;
- аппараттык - программалык комплекстин жана аралыкта орнотулган жабдуулардын ишинде орун алган үзгүлтүктөр төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 51,93 пайызын түзгөн;
- байланыш каналдарындагы үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 5,32 пайызын түзгөн;
- кызмат көрсөтүүчүлөр тарабынан үзгүлтүктөр – төлөм системаларынын ишиндеги штаттан тышкаркы жагдайлардын жалпы санынын 8,55 пайызын түзгөн.

Потенциалдуу тобокелдиктерге баа берүү: бул үзгүлтүктөр финансылык

жоготуулардын келип чыгышын шарттаган эмес жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногунун башка катышуучуларына таасирин тийгизген жок.

*Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар, төлөм уюмдары жана төлөм системаларынын операторлору тарабынан корректировкаланышы мүмкүндүгүнө байланыштуу өзгөрүшү ыктымал.*